| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

VII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги II сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 9 - августу, № 2/6 Ылай-Талаа айылы.

**“Лидер” атуулдук демилгелер борбору” коомдук бирикмесинин “Кыргызстандын регионборундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү” долбоорунун алкагында түзүлгөн “Салаа-Таш” кичи коругунун демилгелүү тобунун иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы № 554 «Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартиби» жөнүндө токтомуна ылайык “Лидер” атуулдук демилгелер борбору” коомдук бирикмесинин “Кыргызстандын регионборундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү” долбоорун Ылай-Талаа айыл аймагында ишке ашыруу максатында Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы № 554 «Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартиби» жөнүндө токтомуна ылайык “Лидер” атуулдук демилгелер борбору” коомдук бирикмесинин “Кыргызстандын регионборундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү” долбоорунун алкагында түзүлгөн “Салаа-Таш” кичи коругунун демилгелүү тобунун иш планы бекитилсин.

2. “Салаа-Таш” кичи коругунун инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча түзүлгөн иш план Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык өнүктүрүү планына (ПСЭР) киргизилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу “Орчун” коомдук бирикмесинин жана “Салаа-Таш” кичи коругунун демилгелүү тобунун башчысы А.Чатаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы С.Арзиев) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадыркулов**

**БЕКИТЕМИН**
**Ылай-Талаа АО башчысы**
**__________Б.Эргешбаев.**
**«20» __08__ 2024-жыл**

# САЛАА-ТАШ КИЧИ КОРУГУНУН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮСҮН ҮЧҮН ЖАСАЛУУЧУ КАДАМДАРДЫН ИШ-ЧАРАЛАТ ПЛАНЫ 2025-2028-ЖЖ

**Салаа-Таш микрокоругу Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Ылай-Таалаа айылынын Коштектир участкасында жайгашкан. Кичи коруктун аянты 10 га. Деңиз денгелинен** 1500м до 1752м ге чейин бийиктикте жайгашкан. **Коруктун уникалдуулугу биотүрдүүлүктөрдүн түрү боюнча, эндемикалык өсүмдүктөр өскөн аймак.**

**<u>Кичи коруктун 3 жылдык иш-планында төмөндогүдөй негизги приориттеттерди койдук.</u>**

1. **<u>2025-жыл</u>**
- **Салаа-Таш микрокоругуна жакын жайгашкан айылдардын тургундарына, мектеп окчуларына түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, маалымат компанияларды өткөрүү, коруктун маанилүүлүгүн ар бир жаранга жеткирүү.**
- **Мектептин биология география мугалимдерине окууларга предмет менен таныштыруучу аймакка айлантуу**
- **Коруктун айланасына маалымат тактасын орнотуу**
- **Мектеп токой волонтёрлору менен иш чара өткөрүү ОШ ТУ, ОШ МУ**

2. **<u>2026-жыл</u>**
- **Илимий изилдөө иштерин жүргүзүү максатында жаз айларында Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясы менен кызматташып, адистерди алып келип жеринде тааныштыруу**
- **Адистердин сунуштаган корутундусуна ылайык пландарды иштеп чыгуу**
- **Коруктун сыйымдуулугу боюнча методологиясын иштеп чыгуу**
- **Пландалган фестиваль жана иш чараларда Салаа-Таш кичи коругу тууралуу маалымат берүү**

Scanned with CamScanner Сканировано с Cam